КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ ТАЛАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com
Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин VIII чакырылыштагы кезексиз XXX сессиясынын №212/30-8 ТОКТОМУ

**6-декабрь, 2023-жыл** **Талас шаары**

**2024-жылга карата дем берүүчү (үлүштүк) гранттын эсебинен каржылануучу долбоорлорду сунуштоо жана өздүк салымын жергиликтүү бюджеттен каржылоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 2-пункту, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 токтому менен бекитилген “Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө” жобосунун 3-пунктунун 21-пунктчасына ылайык, Талас шаарынын мэриясынын 30.11.2023-жылдагы №01-19/3177 чыгыш сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кенешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча” туруктуу комиссиясынын протоколдук сунушун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. №7 орто мектебинин окуу корпустарынын ички шыбактарын, эшиктерин жана полдорун жаңыртууга дем берүүчү (үлүштүк) гранттын эсебинен жалпы суммасы 3 699 840 сом, анын 20 пайыздык өздүк салымы үчүн 739 968 сомго эсептелген акча каражаты Талас шаарынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин эсебинен каралып берилсин.
2. № 1 орто мектебинин аймагындагы кичи футбол аянтчасын ондоого 1 851 313 сом, анын 20 пайыздык өздүк салымы үчүн 370 263 сомго эсептелген акча каражаты Талас шарынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин эсебинен каралып берилсин.
3. № 1 орто мектебинин фасадынын шыбагын жаңыртууга дем берүүчү (үлүштүк) гранттын эсебинен жалпы суммасы 3 747 395 сом, анын 20 пайыздык өздүк салымы үчүн 749 479 сомго эсептелген акча каражаты Талас шарынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин эсебинен каралып берилсин.
4. №2 орто мектебинин эски имаратынын ички дубалдарынын шыбактарын жаңыртып, полдорун алмаштырууга 3 698 680 сом, анын 20 пайыздык өздүк салымы үчүн 738 336 сомго эсептелген акча каражаты Талас шарынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин эсебинен каралып берилсин.

5. №9 орто мектебинин эски эшиктерин, полдорун алмаштырып, ички шыбагын жаңыртууга 3 729 250 сом, анын 20 пайыздык өздүк салымы үчүн 745 850 сомго эсептелген акча каражаты Талас шарынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин эсебинен каралып берилсин.
6. №3 мектеп гимназиясынын эски корпусунун ички дубалдарынын шыбактарын жаңыртып, полдорун жана ички эшиктерин алмаштырууга дем берүүчү (үлүштүк) гранттын эсебинен жалпы суммасы 3 697 058 сом, анын 20 пайыздык өздүк салымы үчүн 739 411 сомго эсептелген акча каражаты Талас шарынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин эсебинен каралып берилсин.
7. №6 "Теремок" бала бакчасынын имаратынын ички дубалдарынын шыбактарын жаңыртып, эшиктерин, полдорун алмаштырып, толугу менен электро-монтаж иштерин жасоого дем берүүчү (үлүштүк) гранттын эсебинен жалпы суммасы 3 722 741 сом, анын 20 пайыздык өздүк салымы үчүн 744 548 сомго эсептелген акча каражаты Талас шарынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин эсебинен каралып берилсин.
8. №15 "Ак Бешик" бала бакчасынын имаратынын ички дубалдарынын шыбактарын жаңыртып, эшиктерин, полдорун алмаштырып, толугу менен электро-монтаж иштерин жасоого дем берүүчү (үлүштүк) гранттын эсебинен жалпы суммасы 3 700 002 сом, анын 20 пайыздык өздүк салымы үчүн 740 000 сомго эсептелген акча каражаты Талас шарынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин эсебинен каралып берилсин.
9. №9 "Буратино" бала бакчасынын имаратынын ички дубалдарынын шыбактарын жаңыртып, эшиктерин, полдорун алмаштырып, толугу менен электро-монтаж иштерин жасоого дем берүүчү (үлүштүк) гранттын эсебинен жалпы суммасы 3 699 945 сом, анын 20 пайыздык өздүк салымы үчүн сомго эсептелген 739 989 сом акча каражаты Талас шарынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин эсебинен каралып берилсин.
10. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (А.Сариева) тапшырылсын.
11. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Депутаттардын Талас шаардык кенешинин "Бюджет жана муниципалдык менчикти башкаруу" боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасына (У.Атагелдиев) тапшырылсын.

**Төрага** **К.Джаныбеков**